# КРЕДИТ КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ
# КООМДУК ОФЕРТА
## 10.01.2023-жыл (16.08.23-жылдагы редакциясында)

Бул Кредит келишимин түзүү жөнүндө коомдук оферта (мындан ары - Оферта) физикалык жактарга багытталган жана Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 398-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, «Акча Булак» микрокредиттик компаниясы» жоопкерчилиги чектелген коомунун (мындан ары - Кредитор) Кредитор менен төмөндө берилген шарттарда Кредит келишимин түзүү тартибин аныктоочу Кредит келишимин түзүүгө, Кредитор менен шарттары бул Офертада камтылган Кредит келишимин (мындан ары -Кредит келишими) түзүүгө карата сунушу болуп саналат.

Кредит келишими Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 394-беренесинин, 395-беренесинин 3-пунктуна ылайык, Кредитор тарабынан Кредитордун талаптарына жооп берген иш-аракетке жөндөмдүү физикалык жак (мындан ары – Карыз алуучу) тарабынан www.akchabulak.kg сайтында жана/же «О!Деньги» мобилдик тиркемесинде (мындан ары – Мобилдик тиркеме) жарыяланган бул Офертанын тартибине жана «Акча Булак» МКК» жоопкерчилиги чектелген коомунун Электрондук кол тамганы таануу жана колдонуу тартибине (мындан ары - Тартип) ылайык бул Офертаны кабыл алгандыгы тууралуу кол тамгасы менен тастыкталган жооп (мындан ары - Акцепт) алынган учурдан тарта Офертада белгиленген шарттарда түзүлдү деп эсептелет. Акцепт Офертанын шарттарын толук жана милдеттүү кабыл алуу катары эсептелет. Бул болсо, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 399-, 402-беренелерине ылайык, Карыз алуучу тарабынан кредиттин берилиши үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына жана Кредитордун ички ченемдик документтерине ылайык бардык керектүү документтерди берүүсү, ошондой эле Карыз алуучунун Тартипке кошулуусу шарты менен бул Офертаны түзгөнүн (Офертага кол койгонун) жана бардык шарттарын кабыл алгандыгын билдирет. Акцепт Кредит келишиминин ажырагыс бөлүгү болуп саналат (бул Оферта сыяктуу эле).

## 1. КРЕДИТ КЕЛИШИМИНИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Кредитор Карыз алуучуга 15 000 (он беш миң) сомдон жогору болбогон суммада накталай эмес формада кредит (мындан ары - кредит) берет, ал эми Карыз алуучу кредиттин мөөнөтү аяктаганга чейин Кредит келишиминде белгиленген шарттарда кредитти кайтарып, пайыздарын төлөп берүүгө милдеттенет. Кредитти накталай формада алуу зарылчылыгы келип чыккан учурда, Кредитор тарабынан кредиттин накталай формада берилишинин тартиби Кредитор менен Карыз алуучунун ортосунда өзүнчө макулдашылат. Мында Кредитор террордук ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдарга ылайык, Карыз алуучуну талаптагыдай текшерүү максатында кошумча иш-чараларды өткөрүүгө укуктуу. Накталай эмес формада кредит алуу боюнча өтүнмө берүү жана кредитти алуу Кредиторго барып отурбастан, Мобилдик тиркеме аркылуу ишке ашырылат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, Кредитор тарабынан аралыктан иш-аракет аткаруу режиминде идентификациядан жана верификациядан өткөн карыз алуучулар үчүн кредиттин суммасы 15 000 (он беш миң) сомдон жогору болбош керек.

1.2. Пайыз кредит берилген күндөн тартып кредитти толугу менен кайтарып берген күнгө чейинки кредиттин негизги суммасынын калдыгына эсептелип кошулат.

Пайыз бир жылдагы күндөрдүн санына жана бир айдагы күндөрдүн санына жараша эсептелет.

1.3. Кредит келишими анын кийинки 2 (эки) ажырагыс бөлүгүнөн турат:

1.4. бул Офертада камтылган жалпы шарттар;

1.5. Акцептте камтылган – Карыз алуучунун реквизиттери (аты-жөнү, паспорттук маалыматтары); - кредиттин суммасы; - кредиттин мөөнөтү; - кредиттин максаты; - кредит алынган/Кредит келишими түзүлгөн күн; - кредит боюнча бир жылдык номиалдык коюм; - кредит боюнча бир жылдык натыйжалуу пайыздык коюм; - баштапкы Кредит төгүү графиги (Кредит төгүлө турган күн), кредит төгүү/төлөө/төлөмдөрдү өткөрүү үчүн реквизит сыяктуу индивидуалдуу шарттар.

1.6. Кредиттин суммасы жана мөөнөтү Карыз алуучунун өтүнмөсүнүн жана Кредитор тарабынан жүргүзүлгөн анализдин/баалоонун негизинде баалоо параметрлерине таянып белгиленет.

1.7. Кредит билдирмеге ылайык Зайымчынын тапшыруусу боюнча кредиттин суммасын чегерүү жолу менен ушул Келишимде каралган мөөнөттө жана шарттарда накталай эмес формада берилет.

1.8. Кредит карыз алуучу тарабынан Жеке кабинеттеги карыз алуучунун эсебине салынган акча каражаттарынын эсебинен төлөнөт.

1.9. Эгерде төлөнө турган сумма саат 23:59дан кийин төгүлсө, кредит эртеси күнү төлөндү деп эсептелет.

## 2. КРЕДИТ КЕЛИШИМИН ТҮЗҮҮ ТАРТИБИ

2.1. Кредит келишими Карыз алуучунун мобилдик түзүлүшүнө орнотулган Мобилдик тиркемеге койгон жөнөкөй электрондук кол тамгасы менен бул Офертаны акцепттөөсү аркылуу түзүлөт. Кредитор тарабынан Карыз алуучунун Акцептинин алынышы Кредит келишимин түзүүсү катары кабыл алынат (Кредит келишимин түзүү үчүн Кредитордун ыйгарым укуктуу өкүлүнүн кол тамгасы талап кылынбайт). Жөнөкөй электрондук кол тамга менен тастыкталган Акцепт Карыз алуучу тарабынан өз колу менен кол койгон кагаз ташуучудагы акцепт менен барабар.

2.2. Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамгасы сыпатында Кредитор менен генерацияланган жана Карыз алуучунун өтүнмөсүндө көрсөтүлгөн мобилдик телефондун номерине жиберилген бир жолу колдонулуучу код эсептелет. Жөнөкөй электрондук кол тамга/код Карыз алуучунун өз колу менен койгон кол тамгасынын аналогу болуп саналат.

2.3. Жөнөкөй электрондук кол тамганын колдонулушу Карыз алуучунун өз колу менен койгон кол тамгасынын эквиваленти, Карыз алуучуну идентификациялоонун жана электрондук документтин бүтүндүгүн текшерүүнүн инструменти катары эсептелет.

2.4. Оферта менен Кредит келишимин жөнөкөй электрондук кол тамга менен тастыктоо Кредитор тарабынан Кредит берүү чечиминин кепилдиги катары кабыл алынбайт.

2.5. Акцептке кол койгондон (Кредит келишимин түзгөндөн) кийин Кредитор Карыз алуучуга Акцепттин текстин көчүрүп алуусун камсыздоо үчүн (кол коюлган Акцептке) Карыз алуучунун өзүнүн Жеке кабинетинен Акцепттин текстине мүмкүндүк алуусуна уруксат берет.

2.6. Карыз алуучу жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу менен ишке ашырылган операциялар менен бүтүмдөрдүн юридикалык маанисинен кабардар жана аларды түшүнөт.

2.7. Карыз алуучу жөнөкөй электрондук кол тамга менен кол коюлган бул документтин кайра чакырып алынбай турганын жана кагаз ташуучудагы документ менен барабар экенин түшүнөт.

2.8. Акцептке кол коюудагы иш-аракеттердин тартиби жана Кредитор менен Карыз алуучунун ортосундагы жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонууга байланыштуу башка мамилелер www.akchabulak.kg сайтында жана/же Мобилдик тиркемеде жарыяланган «Акча Булак» МКК» жоопкерчилиги чектелген коомунун Электрондук кол тамганы таануу жана колдонуу тартибине ылайык жөнгө салынат.

## 3. КРЕДИТ КЕЛИШИМИНИН ТАРАПТАРЫНЫН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

3.1. Карыз алуучунун милдеттери:

3.1.1. кредит менен пайыздарын Төлөө графигине ылайык төгүү;

3.1.2. чыгымдарды (төлөмдөрдү) жана үстөк айыпты Кредит келишиминин 5-бөлүмүндө көрсөтүлгөн Карыз алуучунун Чыгымдарынын (төлөмдөрүнүн) жана айыптык санкциялардын тизмесине ылайык төлөө;

3.1.3. Карыз алуучу кредит менен байланышкан комиссияларды карыз алуучунун чыгымдарынын (төлөмдөрүнүн) тизмесинде жана кредиттик келишимдин 5-бөлүгүндө көрсөтүлгөн айыптык санкцияларда белгиленген өлчөмдө төлөйт. Карыз алуучуга үчүнчү жактын кызматтары түрүндөгү насыяга байланыштуу кошумча чыгымдар банкка көз каранды болбогон жана ошол үчүнчү жактар тарабынан каалаган убакта өз каалоосу боюнча өзгөртүлүшү мүмкүн болгон үчүнчү жактардын тарифтерине ылайык алынат деп эскертилген. Карыз алуучу мындай өзгөртүүлөр менен алдын ала макул болот.

3.1.4. Акцептке ылайык ар бир кечиктирилген күн үчүн пайыздар жана/же негизги сумма боюнча кечиктирилген суммага туумдарды төлөө;

3.1.5. кредитти толугу менен төгүп бүткөнгө чейин башка жактардан кредит же карыз албоо;

3.1.6. жашаган жеринин, жеке маалыматтарынын, телефон номеринин ж.б. өзгөргөндүгү тууралуу Кредиторго жазуу жүзүндө билдирүү (өзгөрүүлөр болгон күндөн тарта беш күндөн кеч эмес убакыт ичинде);

3.1.7. кредиттин керектөө муктаждыктарына максаттуу колдонулушун камсыздоо жана алынган кредитти Кредитордун кызматкерлерин кошкондо жана/же Акцептте, башка кишилерге бербөө;

3.1.8. Кредитордун талабынын негизинде финансылык отчёт жана башка документтерди, анын ичинде Карыз алуучунун кредитти максаттуу пайдалангандыгын тастыктоочу документтерди берүү;

3.1.9. башка кредиттик уюмдарда кредити бар жана башка кишилерге карызы, анын ичинде жакын туугандарынын кредиттери/карыздары бар экендиги жөнүндө жок дегенде жарым жылда бир жолу маалымат берип туруу;

3.1.10. Карыз алуучу башка кишилер тарабынан Колдонуучунун атынан Карыз алуучунун Түзүлүшүнө орнотулган Мобилдик тиркеме аркылуу, ошондой эле Карыз алуучунун Түзүлүшүнө орнотулган тиркемелер менен программалардын, же болбосо Мобилдик тиркемедеги же Тутумдун веб-сайт (болгон учурда) анын идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык маалыматтарынын жардамы менен аткарылган иш-аракеттер үчүн, ошондой эле Кредиторго байланышпаган себептерден улам мүмкүндүк

алуудан ажыраган учурларда келип чыккан тобокелдиктер менен жоопкерчиликти өз моюнуна алат.

3.2. Карыз алуучунун укуктары:

3.2.1. кредитти каалаган учурда эч кандай комиссиясыз, айыптык санкциясыз жана башка төлөмсүз мөөнөтүнөн мурда төгүү.

3.2.2. Кредит келишимине кол койгондон кийин акча каражаттарын алганга чейин кредит алуудан кайтарымсыз негизде баш тартуу.

3.3. Кредитордун милдеттери:

3.3.1. Карыз алуучунун жазуу жүзүндөгү сурамы боюнча сурамды алган күндөн тартып үч жумуш күнүнүн ичинде кредиттин алынышы, кредиттик дисциплинанын сакталышы, мөөнөтү өтүп кеткен карызынын жок/бар экендиги тууралуу маалымат берүү;

3.3.2. Карыз алуучуга талап кылуу укугуна өткөн учурга карата Карыз алуучуда болгон көлөмдө жана шарттарда талап кылуу укугунун башка кишилерге өткөндүгү жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүү;

3.4. Кредитордун укуктары:

3.4.1. Карыз алуучунун кредит боюнча карызын электрондук капчыктарды кошкондо, анын эсептеринен акцептсиз тартипте;

3.4.2. Карыз алуучунунун өзүнөн, кредиттик бюролор аркылуу жана/же башка жол менен Карыз алуучунун жана анын жакын туугандарынын кредиттери жөнүндө маалыматтарды сурап-билүү жана алмашуу;

3.4.3. Карыз алуучу Кредит келишимин бузган учурда, андан негизги сумманы, пайыздарды, туумдарды жана башка кармап калууларды кошкондо, кредитти мөөнөтүнөн мурда төлөөсүн талап кылуу;

3.4.4. Карыз алуучунун укуктарын начарлаткан жана/же милдеттерин көбөйткөн учурларды кошпогондо, Кредитордун сайтына жана/же Кредитордун бөлүмдөрүндөгү маалымат стенддерине бул Офертанын өзгөртүлгөн текстин жайгаштыруу аркылуу Кредит келишиминин шарттарын бир жактуу тартипте өзгөртүү жана/же толуктоо.

3.4.5. Карыз алуучунун профилин аныктоо боюнча кошумча иш-чараларды террордук ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзамдарга ылайык жүргүзүү.

## 4. КРЕДИТ КЕЛИШИМИНИН БАШКА ШАРТТАРЫ

4.1. Кредит келишими Тараптар ал боюнча бардык милдеттерин толугу менен аткарганга чейин, анын ичинде Карыз алуучунун кредит боюнча карызы толук төлөнүп бүткөнгө чейин күчүндө болот.

4.2. Кредит келишими 3.4.4-пунктка ылайык, же болбосо Тараптардын жөнөкөй электрондук кол тамга же өз колу менен кол койгон жазуу жүзүндөгү өз ара макулдашуусунун негизинде өзгөртүлүшү жана/же толукталышы мүмкүн. Төлөө графигине гана өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду киргизүү зарылчылыгы келип чыккан учурда (маселен, кредиттин бир бөлүгүн мөөнөтүнөн мурда төккөн, кредит боюнча төгүмдүн күнү жана/же суммасы өзгөргөн учурда), Төлөө графигине мындай өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор Кредитордун тандоосуна жараша: 1) кредиттин мөөнөтүн узартууга байланыштуу Кредит келишиминин шарттарын өзгөртүү үчүн төлөө фактысынын жана/же Кредитор тарабынан канааттандырылган Карыз алуучунун Төлөө графигин өзгөртүү жөнүндөгү арызынын негизинде (Карыз алуучуну жаңы Төлөө графиги менен тааныштырып чыгуу шарты менен), же болбосо 2) же карыз алуучунун жеке

кабинетинде узартууну ырастоо жолу менен, бул тараптардын кошумча макулдашууга кол койбостон төлөөнүн жаңы графигин макулдашуусу болуп саналат. Мындай учурда мурдагы төлөө графиги жаңы төлөө графиги түзүлгөн/кол коюлган күндөн тартып (кредитти төлөө күнү) өз күчүн жоготот, ал анын ичинде карыз алуучунун жеке кабинетинде да чагылдырылат.

4.3. Сырсөз, код жана башка идентификаторлорду колдонуу жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу катары кабыл алынат. Жөнөкөй электрондук кол тамга өз колу менен коюлган кол тамганын аналогу болуп эсептелет. Карыз алуучу тарабынан жөнөкөй электрондук кол тамганын коюлушу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өз колу менен кол койгондой эле юридикалык кесепеттерди жаратат. Карыз алуучунун жөнөкөй электрондук кол тамганы колдонуу аркылуу Офертаны акцепттөөсү, башкача айтканда Кредит келишимине кол коюусу жөнөкөй жазуу жүзүндөгү ишке ашырылган бүтүм менен барабар болуп, Карыз алуучунун кол тамгасы менен тастыкталган кагаз ташуучудагы акцепт менен бирдей эле юридикалык күчкө ээ болот.

4.4. Кардар Кредитор тарабынан каалаган кредиттик бюродон жана/же башка кишиден, анын ичинде мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардан, жана/же жеткиликтүү болгон бардык башка булактардан Карыз алуучу жөнүндө маалыматты, анын ичинде анын кредиттик тарыхчасы, кирешеси жана мүлкү жөнүндө, ошондой эле башка керектүү маалыматтарды алуусуна шексиз макулдугун берет, ошондой эле Карыз алуучу Кредитор тарабынан кийин финансы-кредиттик мекемелердин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык колдонуусу үчүн Карыз алуучу жөнүндө маалыматтын, анын ичинде Кредиттин суммасы, мөөнөтү, камсыздоонун түрлөрү (бар болгон учурда) жана Кредитке байланыштуу башка керектүү маалыматтардын кредиттик бюролорго берилишине шексиз макулдугун берет.

4.5. Карыз алуучу мамлекеттик кызмат адамы, мамлекеттик кызматкер же мындай кишилердин жакын тууганы болгон учурда ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга мыйзамдардын талаптарына ылайык анын эсептери, ипотекалык кредиттери кошулуп, алган кредиттери жөнүндө маалыматтын берилишине шексиз макулдугун берет.

4.6. Тараптар табият кырсыктары, массалык башаламандыктар, эпидемиялар ж.б. ушул сыяктуу жеңилгис күчтөрдүн таасири (форс-мажор) аракетте болгон мезгилде жоопкерчиликтен бошотулат. Форс-мажор жагдайларын шылтоо кылган Тарап экинчи Тарапка мындай жагдай келип чыккан күндөн баштап 3 (үч) жумуш күнүнөн кеч эмес убакыт ичинде тастыктоочу документти көрсөтүү менен бул тууралуу билдирүүгө милдеттүү.

4.7. Кредит Карыз алуучунун макулдугу жок кредиттердин портфелине киргизилиши ыктымал. Ал боюнча талап кылуу укугу башка киши тарабынан кредит берүүдө күрөө сыпатында кабыл алынышы мүмкүн.

4.8. Карыз алуучу көз жумган учурда, анын Кредит келишими боюнча укуктары менен милдеттери анын мураскоруна (мураскорлоруна) өтөт.

4.9. Өз ара сүйлөшүүлөр жолу менен жөнгө салынбаган талаш-тартыштар менен пикир келишпестиктердин баары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сот тартибинде чечилүүгө тийиш. Тараптар Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик кодексинин (КР ЖПК) 34-беренесин жетекчиликке алып, КР ЖПК 30-беренесинде белгиленген сот караштуулугун өзгөртүүгө макулдашты. Ушуга байланыштуу Кредитор Кредитордун же анын филиалдарынын, же болбосо жоопкердин жайгашкан жери боюнча доо арыз берүүгө укуктуу. Карыз алуучу Кредиторго каршы Кредитордун жайгашкан

жери боюнча гана доо арыз берүүгө укуктуу. Ошондой эле Карыз алуучу соттук териштирүүнүн тили катары расмий тил (орус тили) колдонула тургандыгына макулдугун берет.

4.10. Келишим ал акцептелген учурдан тартып күчүнө кирет жана Тараптар ушул Келишимде каралган бардык милдеттенмелерин толук аткарганга чейин колдонулат.

4.11. Кредит келишиминде орун албаган шарттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана ишкер жүгүртүм каадаларына ылайык жөнгө салынат.

## 5. КАРЫЗ АЛУУЧУНУН ЧЫГЫМДАРЫНЫН (ТӨЛӨМДӨРҮНҮН) ЖАНА АЙЫПТЫК САНКЦИЯЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

| Карыз алуучунун кредит боюнча чыгымдары (төлөмдөрү) | |
|---|---|
| Кредиттин суммасы | Акцептке ылайык |
| Кредит боюнча пайыздык төлөмдөр | Жылдык 124,10%<br>Күнүнө 0,34% |
| Кардардын арызы боюнча келишимидин шарттарын өзгөртүү үчүн төлөм (Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык кредиттин түзүмү өзгөртүлгөн учурлардан тышкары) | - 14 күнгө узартуу үчүн: узартуу учурунда кредиттин негизги суммасынын калдыгынын 5% өлчөмүндө;<br>- 28 күнгө узартуу үчүн: узартуу учурунда кредиттин негизги суммасынын калдыгынын 8% өлчөмүндө. |
| Кардардын арызы боюнча келишимидин шарттарын өзгөртүү үчүн башка жактардын пайдасына аткарылган төлөмдөр (Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык кредиттин түзүмү өзгөртүлгөн учурлардан тышкары) | 100 сом |
| Кредит алуу үчүн башка жактардын пайдасына аткарылган төлөмдөр (камсыздандыруу, нотариус, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жер ресурстары агенттигинин кызматтары, кредитти Карыз алуучунун коммерциялык банктарда ачылган эсебине которууга байланышкан коммерциялык банктын тарифтерине ылайык МФУнун чыгымдары үчүн төлөмдөр) | Кредиттик өтүнмөдө көрсөтүлгөн кредиттин суммасынан:<br>- 5% өлчөмүндө 14 күндүк насыя үчүн;<br>- 7.5% өлчөмүндө 21 күндүк мөөнөткө насыя үчүн;<br>- 10% өлчөмүндө 28 күндүк мөөнөткө насыя үчүн; |

| МФУ айыптык санкциялары жана туумдары | |
|---|---|
| Карыздын негизги суммасы боюнча төлөм кечиктирилгени үчүн | Акцептте көрсөтүлгөн Бир жылдык пайыздык коюм менен барабар өлчөмдө пайыздар |
| Пайыздар боюнча төлөмдөрдү төгүү кечиктирилгени үчүн | Колдонулбайт |
| Күрөөнү камсыздоо боюнча документтердин топтомунун өз убагында берилбегендиги үчүн (форс-мажор кырдаалдарына жана МФУ тарабынан каралып чыгууга тийиш болгон башка объективдүү себептерге байланыштуу өз убагында бербей калган учурлардан тышкары) | Колдонулбайт |
| Акча каражаттарын алгандан кийин кредит келишимин бузуунун шарттары | Кредит келишими боюнча бардык милдеттери аткарылган учурда эч кандай айыппулсуз |
| Башка чыгымдар | «Акча Булак» МКК» ЖЧКнын тарифтери жана кызмат көрсөтүү шарттары. |

**Эскертүү:**
**( * ) Кредитордун пайыздык чени салыктарды эске алуу менен көрсөтүлгөн.**
**( * * ) Учунчу жактын кызматтарынын чыгымдары, алардын тарифине жараша алынат, келечекте озгортуулор болушу мумкун.**

## 6. ЭФФЕКТИВДҮҮ ПАЙЫЗДЫК ЧЕНДИН ӨЛЧӨМҮ

6.1. Эффективдүү пайыздык чендин өлчөмү:
6.1.1. 14 күндүк мөөнөткө насыя алуу үчүн жылына 236.14%;
6.1.2. 21 күндүк мөөнөткө насыя алуу үчүн жылына 231.58%;
6.1.3. 28 күндүк мөөнөткө насыя алуу үчүн жылына 227.21%.

«Акча Булак» МКК» ЖЧКнын
Генералдык директорунун
Буйругу менен бекитилди
жана колдонууга киргизилди

**«Акча Булак» МКК» ЖЧКнын**

**«АЙЛЫККА ЧЕЙИН» КРЕДИТТИК ӨНҮМҮНҮН ПАСПОРТУ**

| **Параметри** | **Мааниси** |
|---|---|
| Кредиттик өнүмдүн аталышы: | "Айлыкка чейин" |
| Потенциалдуу кардарлар: | Жеке жактар, Кыргыз Республикасынын жарандары |
| Чен белгилери: | Жаш курактык чектөө – 19дан 65ке чейин.<br>Башка ФКУда кардардын мөөнөттү өткөрүп жиберилген активдүү кредиттеринин жоктугу.<br>Башка ФКУда кардардын 30 күндөн ашык мөөнөткө өткөрүп жиберилген кредиттердин жоктугу (төлөнгөн же төлөнбөгөн).<br>Кредиттик тарыхы жок же жакшы кредиттик тарыхы бар. |
| Кредиттин түрү/Максаттуу пайдалануусу: | Керектөө кредити |
| Кредиттин суммасы: | 1000 сомдон 15000 сомго чейин |
| Кредиттин валютасы: | сом |
| Кредиттин мөөнөтү: | 14 күн, 21 күн, 28 күн |
| Нак пайыздык коюм: | Күнүнө 0,34% (жылына 124.1%) |
| Майнаптуу пайыздык коюм: | 14 күндүк мөөнөткө кредит үчүн жылына 236.14%;<br>21 күндүк мөөнөткө кредит үчүн жылына 231.58%;<br>28 күндүк мөөнөткө кредит үчүн жылына 227.21%. |
| Кредитти төлөө (төлөмдөрдүн жыштыгы): | Мөөнөттүн аягында (негизги сумма плюс иш жүзүндө чегерилген пайыздар) |
| Камсыздоо: | Колдонулбайт |
| Кредитти берүү: | Карыз алуучунун О!Деньги электрондук капчыгына электрондук аралыктан/дистанциялык тейлөө каналы (мобилдик тиркеме) аркылуу кредит алууга өтүнмө боюнча |

| | |
|---|---|
| Карыздын негизги суммасын төлөө мөөнөтүн өткөрүп жиберүү үчүн айып пул (туум): | Мөөнөтүн өткөрүп жиберүүнүн ар бир күнү үчүн кредит боюнча нак пайыздык коюмга барабар өлчөмдө, ушуну менен бирге бүт мезгил үчүн чегерилген айып пулдардын (туумдардын) максималдуу суммасы – берилген кредиттин суммасынын 20%нан ашык эмес. |
| Мөөнөтүнөн мурда төлөөнүн шарттары: | Кайсы болбосун убакытта, кошумча комиссияларды алуусуз мөөнөтүнөн мурда төлөөгө жол берилет |
| Кредитти берүүдө үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөр: | Кредит алууга өтүнмөдө көрсөтүлгөн кредиттин суммасынан:<br>- 14 күндүк мөөнөткө кредит үчүн 5% өлчөмүндө;<br>- 21 күндүк мөөнөткө кредит үчүн 7.5% өлчөмүндө;<br>- 28 күндүк мөөнөткө кредит үчүн 10% өлчөмүндө. |
| Кардардын арызы боюнча келишимдин шарттары өзгөргөндө үчүнчү жактардын пайдасына төлөмдөр: | 100 сом |
| Кардардын арызы боюнча келишимдин шарттарын өзгөртүү үчүн төлөм (Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын талаптарына ылайык кредитти кайра түзүмдөштүрүү учурларынан тышкары): | - 14 күнгө узартуу үчүн: кредиттин негизги суммасынын узартуу учуруна карата калдыгынын 5% өлчөмүндө;<br>- 28 күнгө узартуу үчүн: кредиттин негизги суммасынын узартуу учуруна карата калдыгынын 8% өлчөмүндө. |
| Кредитти кезектеги тейлөө боюнча комиссиялык жыйымдар: | Комиссиялык жыйымдар: маалымат каттарды, көчүрмөлөрдү берүү ж.б., кардар кайрылган күнгө карата «Акча Булак» МКК» ЖЧКнын бекитилген тарифтерине ылайык алынат |